Долбоор

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН ТОКТОМУ

## Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 1-ноябрындагы № 516 “Балдарды багуу боюнча интернат тибиндеги балдар мекемелерин менчигинин формасына карабастан аккредитациялоо жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасындагы калкты социалдык жактан тейлөөнүн негиздери жөнүндө” Мыйзамынын 6-1-беренесин ишке ашыруу максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 1-ноябрындагы № 516 “Балдарды багуу боюнча интернат тибиндеги балдар мекемелерин менчигинин формасына карабастан аккредитациялоо жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) аталышындагы “балдарды” деген сөзгө чейин “Майыптыгы бар адамдарга (балдарга) жана улгайган жарандарга кызмат көрсөткөн стационардык, жарым-жартылай стационардык социалдык тейлөө мекемелерин (уюмдарын),” деген сөздөр менен толукталсын;

2) преамбула төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Турмуштук оор кырдаалда турган балдарга, майыптыгы бар адамдарга (балдарга) жана улгайган жарандарга кызмат көрсөткөн субъектилерди аккредитациялоо жол-жобосун оптималдаштыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодексинин 26 жана 39-беренелерине, Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасындагы калкты социалдык жактан тейлөөнүн негиздери жөнүндө” Мыйзамынын 6-1-беренесине, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын  Министрлер Кабинети токтом кылат:”

3) 1-пунктта:

- “балдарды” деген сөзгө чейин “Майыптыгы бар адамдарга (балдарга) жана улгайган жарандарга кызмат көрсөткөн стационардык,

жарым-жартылай стационардык социалдык тейлөө мекемелерин (уюмдарын),” деген сөздөр менен толукталсын;

4) 3-пункттагы “Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги” деген сөздөр “Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги” деген сөздөр менен алмаштырылсын;

5) 4-пункттагы “Өкмөтүнүн Аппаратынын социалдык өнүктүрүү бөлүмүнө” деген сөздөр “Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына” деген сөздөр менен алмаштырылсын;

6) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Балдарды багуу боюнча интернат тибиндеги балдар мекемелерин менчигинин формасына карабастан аккредитациялоо жөнүндө жободо:

- аталышындагы “балдарды” деген сөзгө чейин “Майыптыгы бар адамдарга (балдарга) жана улгайган жарандарга кызмат көрсөткөн стационардык, жарым-жартылай стационардык социалдык тейлөө мекемелерин (уюмдарын),” деген сөздөр менен толукталсын;

- 1-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“1. Майыптыгы бар адамдарга (балдарга) жана улгайган жарандарга кызмат көрсөткөн стационардык, жарым-жартылай стационардык социалдык тейлөө мекемелерин (уюмдарын), балдарды багуу боюнча интернат тибиндеги балдар мекемелерин менчигинин формасына карабастан аккредитациялоо жөнүндө жобо (мындан ары - Жобо) аккредитациялоонун негизги принциптерин, милдеттерин, талаптарын, тартибин жана шарттарын аныктайт.”;

- 2-пунктта:

үчүнчү абзац “балдар мекемелери” деген сөздөн кийин “майыптыгы бар адамдарга (балдарга) жана улгайган жарандарга кызмат көрсөткөн стационардык, жарым-жартылай стационардык социалдык тейлөө мекемелери (уюмдары);” деген сөздөр менен толукталсын;

бешинчи абзац “балдарга” деген сөздөн кийин “майыптыгы бар адамдарга (балдарга) жана улгайган жарандарга” деген сөздөр менен толукталсын;

алтынчы абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

ыйгарым укуктуу орган - аккредитациялоону жүзөгө ашыруучу, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан балдарды коргоо боюнча, ошондой эле майыптыгы бар адамдарга (балдарга) жана улгайган жарандарга карата мамлекеттик саясаттын функцияларын жүзөгө ашыруучу ыйгарым укук берилген мамлекеттик орган;

жетинчи абзац “субъектисине” деген сөздөн кийин “стационардык, жарым-жартылай стационардык социалдык тейлөө мекемелеринде (уюмдарында) кызмат көрсөтүүлөрдү алып жаткан майыптыгы бар

адамдарга (балдарга) жана улгайган жарандарга,” деген сөздөр менен толукталсын;

тогузунчу абзацтагы “балдарды багуу боюнча” деген сөз алып салынсын;

- 3-пунктта:

экинчи абзац “балдарга” деген сөздөн кийин “, стационардык, жарым-жартылай стационардык социалдык тейлөө мекемелеринде (уюмдарында) кызмат көрсөтүүлөрдү алып жаткан майыптыгы бар адамдарга (балдарга) жана улгайган жарандарга” деген сөздөр менен толукталсын;

үчүнчү абзац “балдарга” деген сөздөн кийин “, майыптыгы бар адамдарга (балдарга) жана улгайган жарандарга” деген сөздөр менен толукталсын;

бешинчи абзац “балдарга” деген сөздөн кийин “, майыптыгы бар адамдарга (балдарга) жана улгайган жарандарга” деген сөздөр менен толукталсын;

- 5-пункттун биринчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Балдардын сутка бою болуусу үчүн арналган интернат тибиндеги балдар мекемелери менчигинин формасына карабастан, ошондой эле стационардык, жарым-жартылай стационардык социалдык тейлөө мекемелери (уюмдары) менчигинин формасына карабастан аккредитациялоого жатат.”;

- 8-пунктта:

төмөнкүдөй мазмундагы бешинчи абзац менен толукталсын:

“- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 17-майындагы № 273 токтому менен бекитилген социалдык өнүгүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдын социалдык стационардык мекемелеринде турган адамдарга көрсөтүлүүчү социалдык кызматтарга минималдык социалдык стандарттарга ылайык сапаттуу кызмат көрсөтүү;”;

төмөнкүдөй мазмундагы алтынчы абзац менен толукталсын:

“- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 8-июлундагы № 381 токтому менен бекитилген жарым-жартылай стационардык уюмдарда жана социалдык тейлөө мекемелеринде ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга, анын ичинде балдарга көрсөтүлүүчү социалдык кызматтардын мамлекеттик минималдуу социалдык стандарттарына ылайык сапаттуу кызмат көрсөтүү;”;

төмөнкүдөй мазмундагы жетинчи абзац менен толукталсын:

“- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 11-ноябрындагы № 635 токтому менен бекитилген жарым-жартылай стационардык уюмдарда жана социалдык тейлөө мекемелеринде улгайган жарандарга көрсөтүлүүчү социалдык кызматтардын мамлекеттик

минималдуу социалдык стандарттарына ылайык сапаттуу кызмат көрсөтүү;”;

алтынчы абзацтагы “балдардын” деген сөз “кызмат алуучулардын” деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 12-пункттун экинчи абзацындагы “балдарды сутка бою багуу жана колдоо боюнча” деген сөз алып салынсын;

- 14-пунктта:

4-пунктчадагы “турмуштук оор кырдаалда турган балдарга багуу жана тейлөө боюнча сутка бою” деген сөздөр алып салынсын;

6-пунктчадагы “турмуштук оор кырдаалда турган балдарды сутка бою багуу жана” деген сөз алып салынсын;

8-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“жалпы маалыматты (кызмат алуучулардын саны жөнүндө, аларды багууга жумшалган чыгымдар жөнүндө, көрсөтүлүүчү кызматтардын тизмеси);”

төмөнкүдөй мазмундагы 9-пунктча менен толукталсын:

“9) аккредитация субъектисинин жетекчиси даярдаган өзүн-өзү баалоо отчетун.”;

экинчи абзацтагы “8” саны “9” саны менен алмаштырылсын;

төмөнкүдөй мазмундагы үчүнчү абзац менен толукталсын:

“Аталган документтерди кабыл алуу ошондой эле “Түндүк” электрондук ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү системасы аркылуу мамлекеттик органдардын/жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын маалыматтык системасынан алынган маалыматтардын негизинде ишке ашырылат.”;

- 16-пункт төмөнкүдөй мазмундагы экинчи абзац менен толукталсын:

“Интернат тибиндеги балдар мекемелерин, стационардык, жарым-жартылай стационардык социалдык тейлөө мекемелерин (уюмдарын) аккредитациялоо үчүн Комиссиялардын өзүнчө курамдары бекитилет.”;

- 17-пункттун экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Эксперттик топтор ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмдөрүнүн кызматкерлеринен, билим берүү, саламаттык сактоо, санитардык-эпидемилогиялык көзөмөлдөө, экологиялык жана техникалык коопсуздук, архитектуралык-курулуш иши, жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөлөрүндөгү мамлекеттик аймактык органдардын кызматкерлеринен, ошондой эле жарандык коомдун өкүлдөрүнөн түзүлөт.

Эксперттик топтун курамы дайыма туруктуу болуп эсептелинбейт жана зарыл болгон учурда өзгөртүлүшү мүмкүн.”;

- 31-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Аккредитация боюнча комиссиянын курамын ыйгарым укуктуу орган ыйгарым укуктуу органдын жана билим берүү, саламаттык сактоо, ички иштер, архитектуралык-курулуш иши, экологиялык жана техникалык

коопсуздук боюнча органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу, дин иштери чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдардын кызматкерлеринен, ошондой эле коммерциялык эмес уюмдардын өкүлдөрүнөн бекитет. Аккредитация боюнча комиссиянын курамы он үч мүчөдөн турат.

Эксперттик топтун курамы дайыма туруктуу болуп эсептелинбейт жана зарыл болгон учурда өзгөртүлүшү мүмкүн.”;

- 32-пункттун биринчи абзацы “коргоо” деген сөздөн кийин “, майыптыгы бар адамдардын (балдардын) жана улгайган жарандардын” деген сөздөр менен толукталсын;

- 33-пункттун биринчи абзацындагы “балдарды коргоо боюнча” деген сөздөр алып салынсын;

- 34-пункттун биринчи абзацында:

“Комиссиянын” деген сөз “Комиссиялардын” деген сөз менен алмаштырылсын;

“иштеген катчы” деген сөздөр “иштешкен катчылар” деген сөздөр менен алмаштырылсын;

“балдарды коргоо боюнча” деген сөздөр алып салынсын;

- 49-пункттагы “балдардын” деген сөздөн кийин “, майыптыгы бар адамдардын (балдардын) жана улгайган жарандардын” деген сөздөр менен толукталсын;

7) жогоруда аталган Жобонун тиркемеси ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

2. Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги өзүнүн чечимдерин бул токтомго ылайык келтирсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

4. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.А.Касымалиев**



КР Эмгек, социалдык
камсыздоо жана
миграция министри ________________________________Р.А. Сабиров “_____”___________2025-ж.